# Пардифен Актив

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:** Пардифен Актив.
**Эл аралык патенттелбеген же топтогу аталышы**
Диклофенак + зыгыр майы + метилсалицилат + ментол
**Дарынын түрү**
Сырттан колдонуу үчүн гель
**Курамы**: ар бир грамм төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү заттар*
Диклофенак диэтиламин ВР
диклофенак натрийге тете 3% кт/и
Зыгыр майы 3% кт/и
Метилсалицилат ВР 10% кт/и
Ментол ВР 5% кт/и
*Көмөкчү заттар:* бензил спирти, карбомер 934, диэтиламин, изопропил спирти, пропиленгликоль, полисорбат-80, цетостеарил спирти, цетомакрогол 1000, тазартылган суу.
**Сүрөттөмөсү**
Актан крем түскө чейинки жумшак масса.
**Фармадарылык тобу:**
Сөөк-булчуң системасынын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Муун жана булчуң ооруларында жергиликтүү колдонуу үчүн препараттар. Жергиликтүү колдонуу үчүн стероиддик эмес сезгенүүгө каршы препараттар.
**АТХ коду:** М02АА.
**Фармакологиялык касиети**
***Фармакодинамикасы***
*Пардифен Актив гель* сезгенүүгө каршы таасир берет, б.а. сезгенүү процессинин ар кандай жерлерине таасир берет: антипростагландиндик таасир; жогору өткөрүүчүлүктүн төмөндөшү, микроциркуляция процесстеринин нормага келиши, гистамин, брадикинин ж.б. сезгенүү медиаторлорунун таасиринин азайышы. Ооруну басуучу касиети брадикинин таасирин азайтуу жөндөмдүүлүгүнө шартталган, ошондой эле жергиликтүү ысыкты төмөндөтүүчү таасирге түрткү берет.
Жергиликтүү колдонууда гель сыйпаган жердеги ооруну, анын ичинде тынч абалда же кыймылда муундардын оорушун азайтат же жоготот, эртең менен ки эрки жоктукту жана муундардын шишимигин азайтат. Кыймыл көлөмүн көбөйтүүгө түрткү берет.
***Фармакокинетикасы***
Жергиликтүү колдонууда жарым-жартылай тери аркылуу сиңет, биожеткиликтүүлүгү - 6%. Плазма белоктору менен байланышы - 99,7%. Бөйрөк аркылуу бөлүнүп чыгат. Гель тез сиңет жана жанындагы ткандарга кирет: тери алдындагы клетчаткага, булчуң тканына, муун капсуласына жана муун көңдөйүнө. Жергиликтүү дарылоо алган полиартрити бар оорулууларга (сезгенген муун тарапка), муун суюктугундагы концентрациясы плазмадагы концентрацияга салыштырмалуу жогору.
**Колдонууга көрсөтмө**
- муундардын сезгенген жана дегенеративдик оорулары;
- жумшак ткандардын ревматизми;
- урунуп мертинүүлөр, байламталардын, булчуңдардын жана тарамыштардын чоюлушу;
- жумшак ткандардын сезгенген шишимиктери, денеге оор күч келүүдөн пайда болгон булчуңдардын жана муундардын ооруксунушу.

**Каршы көрсөтмө**
- диклофенакка жана препараттын башка курамындагыларга жогорку сезгичтик;
- ацетилсалицил кислотасына же башка ССККга жогору сезгичтик (анын ичинде "аспириндик триада");
- курчуу фазасындагы ашказан жана 12 эли ичегинин жара оорусу;
- кош бойлуулуктун III үч айлыгы;
- 14 жашка чейинки балдар.

*Этияттык менен:* Пардифен Актив Гель препаратынын теринин жабыркаган жерлеринин үстүнө, ачык жарааттарга, көзгө жана былжырлуу чел кабыкка түшүүсүнөн алыс болуу керек.
Пардифен Актив Гелди колдонбош керек.
**Колдонуу жолу жана дозасы**
Сырттан гана колдонуу үчүн!
*Чоң адамдарга жана 14 жаштан жогору балдарга:* 2-4 г гель (түтүкчөнүн оозу толук ачык болушунда 4-8 см гелдин тилкеми) сезгенүү очогунун үстүндөгү териге жука катмарда сыйпалат жана суткасына 2-3 жолу акырын сүртүлөт. Препаратты сыйпагандан кийин колду жууп салуу зарыл. Гелдин эң жогорку суткалык дозасы 8 г дан жогору болбошу керек. Дарылоо курсунун узактыгы дарыгер менен кеңешпестен 14 күндөн жогору болбошу керек.
Препаратты дарыгердин дайындоосу боюнча эмес колдонгон учурларда, эгерде дарылоодон 7 күндөн кийин бейтаптын абалы жакшырбаса же начарласа дарыгерге кеңешүү үчүн кайрылуу керек.
Улгайган куракта бейтаптарга препараттын дозасын түзөтүү талап кылынбайт.
**Кыйыр таасирлери**
Пайда болгон кыйыр таасирлери жекече сезгичтикке, колдонулган дозанын чоңдугуна жана дарылоонун узактыгына көз каранды.
*Жергиликтүү реакциялар:* экзема, жарыкка сезгичтик, контакттуу дерматит (кычышуу, кызаруу, теринин тазаланган жеринин шишимиги, жумшак бөртмөлөр, исиркектер, түлөө).
*Системалуу реакциялар:* жайылган тери бөртмөсү, аллергиялык реакциялар (бөрү жатыш, ангионевротикалык шишимик, бронхоспастикалык реакциялар).
**Ашыкча доза**
*Симптомдору:* гелди сыйпоодо системалуу сиңиши төмөн болгондуктан дозасынан ашыруу мүмкүн эмес. Капыстан жутуп алууда системалуу кыйыр реакциялары өрчүшү мүмкүн.
*Дарылоо:* ашказанды суу менен тазалоо, кустуруу, активдешкен көмүр, заараны тездетип ыкчам айдап чыгуу, белгилерине жараша дарылоо. Диклофенактын белоктору менен байланышуу деңгээли жогору болгондуктан диализ натыйжалуу эмес.
**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Гелди колдонордун алдында эгерде сиз дарыгердин көзөмөлү алдында болсоңуз же башка ССКДы колдонуп жатсаңыз дарыгер менен кеңешүү керек.
Препарат фотосенсибилизацияны пайда кылуучу препараттардын таасирин күчөтүшү мүмкүн. Башка дары каражаттары менен клиникалык олуттуу өз ара таасирлери сүрөттөлгөн эмес.
**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Гелдин ачык жараатка түшүүсүнөн алыс болуп, жабыркабаган териге гана сыйпоо керек. Сыйпагандан кийин жабык таңгыч койбош керек. Препаратты көзгө жана былжырлуу чел кабыкка түшүрбөш керек. Препаратты көп өлчөмдө узакка колдонууда ССКЛар үчүн мүнөздүү системалуу кыйыр таасирлеринин пайда болушун жокко чыгарууга болбойт.
Кандайдыр-бир тери исиркектөөлөрү пайда болушунда дарылоону токтотуу керек.
*Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгили*
Кош бойлуулуктун III үч айлыгында препаратты колдонуу каршы көрсөтүлгөн. I жана II үч айлыгында дарыгер менен кеңешкенден кийин гана колдонулушу мүмкүн.
Бала эмизүү мезгилинде дарыгердин пикири боюнча эне үчүн күтүлгөн пайдасы бала үчүн келтирилген коркунучтан жогору учурлары негиз болушунда колдонулушу мүмкүн. Препаратты сүт бездерине же теринин чоң бөлүктөрүнө сыйпоого болбойт жана узак убакыт бою колдонууга болбойт.
*Автоунааны башкарууда же башка механизмдер менен иштөөдө ылдамдык реакциясына таасир тийгизүү жөндөмдүүлүгү.*
Таасир тийгизбейт.
**Чыгаруу формасы**
Алюминий тубада 30 г сырттан колдонуу үчүн гель.
Бир туб медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.
**Сактоо шарты**
Кургак, жарыктан корголгон, 25°С дан жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
Тоңдурбаш керек!
**Жарактуулук мөөнөтү**
30 ай. Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.
**Берүү шарты**
Рецепти жок.

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси**
**Vegapharm LLP**
Unit 18, 53 Norman Road, Greenwich Centre Business Park, London, England, SE10 9QF, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү**
**Lark Laboratories (India) Ltd.**
SP-1192 E, Phase-IV, RIICO Industrial Area, Bhiwadi, Distt. Alwar (Rajasthan), India (Индия)

Vegapharm

**Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүмдүн (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары, Шооруков көч. 36.
Тел.: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com